| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК- КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЫСЫК- КӨЛ РАЙОНУ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН |
|---|---|---|
| ЖУСУП АБДРАХМАНОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ЖУСУП АБДРАХМАНОВА |

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ысык-Көл району Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин 1 - сессиясы

# ТОКТОМ

28.11.2024ж. №1-3 Ананьево а.

## Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Элдик Курултайын өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө

Мамлекеттик башкаруунун ачыктыгын, айкындуулугун жана эл менен байланышын чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" №271 Жарлыгына жана Элдик Курултайга Кыргыз Республикасынын айылдык аймактарынан жана шаарлардан делегаттарды шайлоо боюнча аткарылуучу аракеттердин НУСКАМАСЫНА ылайык маселени карап, талкуулап чыгып Ж.Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Элдик Курултайы 2024-жылдын 7-декабрына саат 10-00 гө чакырылсын.
2. Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Элдик Курултайынын курамы калктын санына ылайык 100 делегаттан турары белгиленсин.
3. Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Элдик Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы 9 адамдан бекитилсин (№1-тиркеме)
4. Жергиликтүү жамааттар арасында делегат шайлоо боюнча жыйындар 3-декабрдан 4-декабрга чейин графикке ылайык өткөрүлсүн (№2-тиркеме)
5. Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча тургундардын жыйындарын өткөрүү 2024-жылдын 3-декабрдан 4-декабрга чейин белгиленсин (№3 тиркемеге ылайык).
6. Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү курултайды өткөрүү 2024-жылдын 7-декабры деп белгиленсин ( № 4 тиркемеге ылайык).

7.Ар бир айылдан шайланган жергиликтүү кеңештин депутаттарына, айыл башчыларга, жана жумушчу топко 3-декабрдан 4-декабрга элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүү, уюштуруу жагы милдеттендирилсин.

8.Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

9. Ушул токтомду каттоо жагы Мамлекеттик укуктук актыларынын реестрине киргизүү үчүн областтык Юстиция башкармалыгына Ж.Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кенешинин 21.02.2024 - жылдын №28/1-5 - токтомунун негизинде мамлекеттик тилде жиберилсин жана ММКда жарыялансын.

10. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Ж.Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кенешинин Депутаттык "Укук бузуу менен күрөшүү, мыйзамды сактоо, коомдук бирикмелер менен иш алып баруу "туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага А.Ш.Кыштобаев

*Жиберилди: иш кагаздарына-1, айыл Өкмөтү-1, Мин юст баш-2, комиссия курам-1.*

Тиркеме №1

**БЕКИТИЛДИ**
**Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин 1 - сессиясынын 2024-жылдын 28 -ноябрындагы №1-3 токтому**

**Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы 9 адам болсун жана төмөндөгүдөй болуп түзүлсүн.**

| № | А.А.А | Кызматы | Жумушчу тобунун ролу | Айылга жоопту |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыштобаев Артыкбек Шаршенбаевич | Жергиликтүү кеңештин төрагасы | Төрага | Баардык |
| 2 | Стамова Гулнура Абдыкайымовна | Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы | Катчы | Баардык |
| 3 | Эсенов Элдияр | Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары | Мүчөсү | Бардык |
| 4 | Кочорбаев Мелс | Жергиликтүү кеңештин депутаты | Мүчөсү | Көк-Дөбө |
| 5 | Савданбеков Турдумамбет | Жергиликтүү кеңештин депутаты | Мүчөсү | Жаркынбаев |
| 6 | Сулайманова Кайыркул | Жергиликтүү кеңештин депутаты | Мүчөсү | Чон-Өрүктү |
| 7 | Байтемирова Насипа | Жергиликтүү кеңештин депутаты | Мүчөсү | Орто - Өрүктү |
| 8 | Усенбаева Нургул | Жергиликтүү кеңештин депутаты | Мүчөсү | Ананьево |
| 9 | Усубакунов Алтынбек | Жергиликтүү кеңештин депутаты | Мүчөсү | Ананьево |

Катчы Г.А.Стамова

Тиркеме №2

**БЕКИТИЛДИ**
Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын
жергиликтүү Кеңешинин 1 - сессиясынын
2024-жылдын 28 -ноябрындагы №1-3 токтому

**Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Элдик Курултайынын делегаттарынын саны жана квотасы.**

| № | Айылдардын (чөлкөмдүн) аталышы | Калкынын саны | 1 квотага тийиштүү калктын саны | Берилүүчү квотанын саны | Гендердик баланс 30% (аял) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ананьево | 9388 | 198 | 48 | 33-эркек, 15 -аял |
| 2 | Көк – Дөбө | 945 | 198 | 5 | 3-эркек, 2-аял |
| 3 | Чет -Байсоорун | 305 | 198 | 2 | 1-эркек, 1-аял |
| 4 | Жаркымбаев | 2442 | 198 | 13 | 8-эркек, 5 -аял |
| 5 | Кароол - Дөбө | 964 | 198 | 4 | 2-эркек, 2 -аял |
| 6 | Өрүктү(Хутор) | 788 | 198 | 3 | 2-эркек, 1 -аял |
| 7 | Чоң-Өрүктү | 2817 | 198 | 15 | 10-эркек, 5 -аял |
| 8 | Орто-Өрүктү | 1897 | 198 | 10 | 6-эркек, 4 -аял |
| | Жалпысы: | 19730 | | 100 делегат | 65-эркек 35-аял |

Катчы Г.А.Стамова

Тиркеме №3

**БЕКИТИЛДИ**
**Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин 1 - сессиясынын 2024-жылдын 28 -ноябрындагы №1-3 токтому**

**2042-жылдын 3 - декабрынан 4 - декабрына чейин Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча тургундардын жыйындарын өткөрүү**

**ГРАФИГИ**

| № | Айыл аймак | Чогулуш өтүүчү жер | Убактысы | Уюштуруучулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Кок-Дөбө** | Ш.Эсеналиев орто мектеби | 04.12.2024ж саат 11-00 | жергиликтүү Кеңеш, жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу |
| 2 | **Ананьево** | Маданият үйү | 05.12.2024ж саат 11-00 | жергиликтүү Кеңеш, жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу |
| 3 | **Чет –Байсоорун** | Чет-Байсоорун көчөсү | 04.12.2024ж саат 11-00 | жергиликтүү Кеңеш, жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу |
| 4 | **Жаркынбаев** | К.Маматов орто мектеби | 04.12.2024ж саат 11-00 | жергиликтүү Кеңеш, жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу |
| 5 | **Кароол - Дөбө** | Бейшекеев орто мектеби | 05.12.2024ж саат 11-00 | жергиликтүү Кеңеш, жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу |
| 6 | **Өрүктү(Хутор)** | Бейшембиев орто мектеби | 04.12.2024ж саат 11-00 | жергиликтүү Кеңеш, жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу |
| 7 | **Чоң-Өрүктү** | И.Суранбаев атындагы Маданият үйү | 05.12.2024ж саат 11-00 | жергиликтүү Кеңеш, жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу |
| 8 | **Орто-Өрүктү** | Ж.Шабиров орто мектеби | 04.12.2024ж саат 11-00 | жергиликтүү Кеңеш, жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу |

Катчы Г.А.Стамова

**Тиркеме №4**

**БЕКИТИЛДИ**
**Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин 1 - сессиясынын 2024-жылдын 28 -ноябрындагы №1-3 токтому**

**Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү курултайды өткөрүү жөнүндө**

| № | Өткөрүлчү жер | Өткөрүлүүчү күн | Калкынын саны | Делегаттардын саны | Гендердик баланс 30% (аял) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ананьево айылы Б.Чаргинов маданият үйүндө | **7-декабрь 2024-ж. Саат 10:00** | 19730 | 100 | 65-эркек 35-аял |

**Катчы** **Г.А.Стамова**